“ Бекитемин “

Мектеп директору

Кулматова Дж.К. ----------------

# Мугалимдин этикасы жөнүдө жобо

## 1 Жалпы жоболор

**1.1** Мугалимдин этикасы жөнүндө жалпы кесиптик этиканын жыйындысын түшүндүрөт. Жобо мугалим өз ишмердүүлүгүндө жана мектеп эмгек милдеттерин аткаруу учурунда мектептин баалуулуктарын , жүрүш – туруш эрежелерин , мектептин ички жана эмгек тартиптерин жетекчиликке алууну сунуштайт.

**1.2.** Этика жөнүндө жобонун максаттары :

- мугалимдердин ишмердүүлүгүн жана жүрүм – турумун укуктук , ыймандык жана этикалык ченемдерге , кесиптик этиканын ченемдерине ылайык уюштуруу;

- мугалимдердин өзүн – өзү көзөмөлдөөсүн өнүктүрүү жана эмгек жамаатында моралдык – психологиялык ички жагдайды жакшыртуу ;

- мугалимдерге жүктөлгөн функцияларды аткарууларынын натыйжалуугун камсыз кылуу;

Мугалимдин кадыр – баркынын бекемделишине көмөк көрсөтүү, педагогдук кесиптин кадыр – баркын жогорулатуу

## 2. Мугалимдин жүрүш – турушунун этикалык эрежелери

### 2.1. Мугалим милдеттүү ;

- Мугалимдик ишмердикти жогорку моралдык – этикалык , психологиялык – окутуучулук деңгээлде жүзөгө ашырууга умтулууга ;

- укуктук , ыймандык жана этикалык ченемдерди сактоого ;

- мугалимдин коомдогу ролун жана ордун ,анын иштөө функцияларын , ыкмаларын түшүнүүгө ;

- өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн , кесиптик ар тараптан түшүнүктүүлүгүн , укуктук жана жүрүш - туруш маданиятын өнүктүрүүгө ,моралдык – этикалык жогорку сапатка ээ болууга ;

- Өзүнүн кесиптик дэңгээлин тынымсыз жогорулатууга , өзүн – өзү талап кое билүүсүнө , билим дэңгээлин өнүктүрүүгө ;
- кесиптештери менен өнөктөштүк , жамаатчылык жана өз ара жардам берүү принциптерине негизделген ишке жана кайтарымдуу мамилелерди орнотууга , эмгек жамаатында жагымдуу моралдык – психологиялык жагдайдын түзүлүшүнө шарт түзүүгө ;
- кесиптештерине жылуу сөзү жана көрүнүктүү иши менен жардам кылууга, моралдык – психологиялык көмөк жана колдоо көрсөтүүгө, кесиптештеринин суроо – талаптарынан жана муктаждыктарынан кабардар болуп турууга ;
- жамаатта кесиптик этиканын принциптеринин жана ченемдеринин негизинде өз ара мамилелерди жөнгө салуу ;
- жамаатта ар түрдүү пикир келишпестиктерден , ушак – айыңдардан , капыстыктардан жана эки жүздүү иш – аракеттерден алыс болууга ;

**2.2.** Мугалим кесиптик жетишкендиктин , уюшкандыктын , жоопкерчиликтин ,эмгек жана аткаруучулук тартиптин , ишкер - барктын , өзүн жеке жүрүм – туруму менен чынчылдыктын , өз ишине берилгендиктин жана адилеттүүлүктүн үлгүсү болууга тийиш.

**2.3.** Мугалим төмөнкү иш – аракеттерге жол бербейт :

- кесиптештерине карата орой мамиле жасоого , үнүн көтөрүп сүйлөөгө ,жок жерден асылууга , кемсинткен сөздөрдү , курулай сындарды айтууга , арзыбаган жана мыйзамга туура келбеген айыптоолорду коюуга ;

- пикир алышууларга коркутууларга барууга, адамдын аброюна шек келтирген сөздөрдү жана пикирлерди айтууга, аркеттерди жасоого ;

- социалдык жактан колдоого ээ болбогон адаттарды (тамеки тартууга, спирт ичимдиктерин ичүү, сөгүнүп сагынуу ) көрсөтүүгө ;

- чечимдерди кабыл алуудагы шашмалыкка жол бербөөгө ,мугалимдин этикасынын талаптарына жана ченемдерине шайкеш келбеген каражаттарды колдонууга.

**2.4.** Мугалим эмгек жамаатынын мүчөлөрү менен баарлашууда ийкемдүүлүктү,сылыктыкты , сабырдуулукту көрсөтүшү , сыйлоо маданиятын сакташы керек . Сүйлөшүү жеткиликтүү , ачык жана жылуу маанайда болуп, пикир алышууда адамгерчиликтүү болушу керек .

**2.5** Мугалим билим , тажрыйбасы жана билгичтиги менен катар өз билимин дайыма жогорулатып туруусу керек.

**2.6.** Мугалимдин эмгек милдеттерин аткаруудагы тышкы көрүнүшү мугалимге карата сый мамиленин жаралышын шарттап турууга тийиш , токтоолугу , тыкандыгы менен айрымаланып, үлгүлүү болууга тийиш.